УДК 8.1.08
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-37-42

Абдыкалыкова А.А., Садыкова К.
И.Арабаев атындагы КМУ
Абдыкалыкова А.А., Садыкова К.
КГУ имени И.Арабаева
Abdykalykova A.A., Sadykova K.
KSU named after I.Arabaev

ORCID 0009-0006-8922-6007

1930-1950-ЖЫЛДАРДАГЫ ОКУУ КИТЕПТЕРИНДЕГИ СИНТАКСИС МАСЕЛЕЛЕРИ
ПРОБЛЕМЫ СИНТАКСИЧЕСКОГО РАЗДЕЛА В УЧЕБНИКАХ 1930–1950-Х ГОДОВ
PROBLEMS OF THE SYNTAX SECTION IN TEXTBOOKS OF THE 1930s–1950s

Кыскача мүнөздөмө: Макалада 1930–1950-жылдарда жарык көргөн кыргыз тили боюнча окуу китептеринде синтаксистик маселелердин каралышы, иштелиши жана чечмелениши талдоого алынат. Кыргыз тилинин 1936-жылы жарык көргөн алгачкы «Синтаксис» окуу китебинде жана 1950-жылга чейинки эмгектерде сүйлөм, анын баш жана айкындооч мүчөлөрү, аныктооч менен толуктоочтун негизги белгилери, ошондой эле алардын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү тууралуу кыскача маалыматтар берилген. Бирок айкындоочтун негизги түрлөрүнүн бири болгон бышыктооч жана анын түрлөрү алгач өз алдынча синтаксистик категория катары толук каралбай, көбүнчө аныктооч менен толуктоочтун тутумунда түшүндүрүлгөн. К. Тыныстановдун синтаксис боюнча биринчи окуу китебинде ээ менен баяндоочту айкындап турган сөздөр «айкындоочтор» деп аталып, алардын түрлөрү өз алдынча так ажыратылган эмес. 1939-жылы Т. Актанов менен К. Бакеевдин окуу китебинде айкындооч мүчөлөр аныктооч жана толуктооч болуп бөлүнгөн. Ал эми 1950-жылы жарык көргөн А. Жапаровдун «Синтаксис» окуу китебинен тартып бышыктооч айкындоочтун өз алдынча түрү катары белгиленип, маанисине жараша бир нече түргө ажыратылган. Макалада кыргыз тилиндеги айкындооч мүчөлөрдүн, айрыкча аныктоочтун структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн кеңири жана терең изилдөөнүн зарылдыгы белгиленет.

Аннотация: В статье рассматриваются вопросы освещения, разработки и интерпретации синтаксических проблем в учебниках кыргызского языка, изданных в 1930–1950-е годы. В первом учебнике кыргызского языка «Синтаксис», опубликованном в 1936 году, а также в последующих учебниках по синтаксису до 1950 года были представлены краткие сведения о предложении, его главных и второстепенных членах, об основных признаках определения и дополнения, а также о частях речи, выполняющих их функции. Однако обстоятельство как один из основных видов второстепенных членов предложения и его разновидности первоначально не рассматривались как самостоятельная синтаксическая категория и в основном объяснялись в составе определения и дополнения. В первом учебнике по синтаксису К. Тыныстанова термин «айкындоочтор» (второстепенные члены предложения) использовался для обозначения слов, поясняющих подлежащее и сказуемое, однако их виды еще не были четко разграничены. В учебнике Т. Актанова и К. Бакеева, изданном в 1939 году, второстепенные члены предложения были разделены на определение и дополнение. Начиная с учебника А. Жапарова «Синтаксис», опубликованного в 1950 году, обстоятельство стало выделяться как самостоятельный вид второстепенных членов предложения и подразделяться на несколько семантических типов. В статье подчеркивается необходимость более широкого и глубокого изучения структурно-семантических особенностей второстепенных членов предложения, прежде всего определения, в кыргызском языке.

Abstract: The article examines the treatment, development, and interpretation of syntactic issues in Kyrgyz language textbooks published in the 1930s–1950s. The first Kyrgyz textbook entitled Syntax, published in 1936, as well as subsequent syntax textbooks issued before 1950, provided brief information on the sentence, its principal and secondary parts, the main features of the attribute and the object, and the parts of speech performing these functions. However, the adverbial modifier, as one of the principal types of secondary sentence parts, together with its subtypes, was not initially treated as an independent syntactic category and was mainly explained within the framework of the attribute and the object. In K. Tynystanov's first textbook on syntax, the term “aikyndoochtor” (secondary sentence parts) was used to refer to the words modifying the subject and the predicate, although their categories had not yet been clearly distinguished. In the textbook published in 1939 by T. Aktanov and K. Bakeev, secondary sentence parts were classified into the attribute and the object. Beginning with A. Zhaparov's textbook Syntax, published in 1950, the adverbial modifier was recognized as an independent type of secondary sentence part and classified into several semantic types. The article emphasizes the necessity of a broader and more in-depth study of the structural and semantic characteristics of secondary sentence parts, particularly the category of the attribute, in the Kyrgyz language.

Негизги сөздөр: синтаксис; сүйлөм; сүйлөмдүн баш мүчөлөрү; ээ; баяндооч; айкындоочтор; аныктооч; толуктооч; бышыктооч ж.б.

Ключевые слова: синтаксис; предложение; главные предложения; притяжательный падеж; сказуемое; изъявительный падеж; детерминатив; дополнение; наречие и т. д.

Keywords: syntax; sentence; main clauses; possessive case; predicate; indicative case; determiner; object; adverb; etc.

Тил илиминде синтаксистик изилдөө – көп кылымдардан бери улантылып келе жаткан маселелерден. Синтаксиске арналган кандай гана изилдөөлөрдү албайлы ошол тилдин жалпы эле сүйлөм маселеси биринчи планга коюлгандыгы байкалат. Бүгүнкү күндөгү синтаксистик изилдөөлөр синтаксистик маселелердин функционалдык маңызына өзгөчө көп көңүл бурууга алып келди. Ошондуктан бул макалада 1930-1950-жылдарда жазылган окуу китептериндеги синтаксистик маселелердин каралышы, иштелиши, жазылышы, чечилишине саресеп салууну максат кылып койдук.

1926-жылдагы Бакудагы түркологиялык съезд латын алфавитине өтүүнүн турмуштук зарылдыгын аныктап өттү. Өкмөттүк колдоого алынган бул чечимге ылайык кыргыз коомчулугу дагы 1928-жылдан тартып латын алфавитине тез өтүүнүн жолун издеп, сабатсыздыкты жоюу боюнча кеңири мазмунда иштер жүргүзүлө баштаган.

Араб алфавитинин кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө туура келбеген айрым бир ыңгайсыз эрежелер латын алфавитинде жеңил эле жөнгө салууга боло тургандыгын практика көрсөттү. Латын алфавитинин принципиалдык схемасы жана иштөө принциби орус алфавитине окшошураак болгондуктан, эл тарабынан “латинизация” саясаты тез эле колдоого алынып кеткен.

К.Тыныстановдун 6-7-8-класстар үчүн кыргыз тилин иликтөөчү институттун планы боюнча жазылган “Кыргыз тилинин синтаксиси” окуу китеби 1936-жылы “Кыргызстан” басмаканасынан жарык көрөт. Китептин жалпы көлөмү – 138 бет, нускасы – 8000+125. Бул окуу китебинде жалаң гана синтаксистик материалдар киргизилип, алар 51 параграфка бөлүштүрүлүп түшүндүрүлгөн [2, 24-б.].

Автордун аталган “Синтаксисинде” сүйлөм, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү, анын түрлөрү болгон ээ жана баяндооч жөнүндө кыскача маалымат берилип, ошол түшүнүктөрдү атоо үчүн тиешелүү терминдер да берилген. Ошол мезгилде К.Тыныстанов тарабынан түзүлгөн “сүйлөм”, “баш мүчө”, “ээ”, “баяндооч” деген терминдер, ошондой эле толуп жаткан башка фонетикалык, лексикалык, грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) терминдердин 80-85%дан көбү ушул мезгилге чейин кыргыз тилинин грамматикасында ийгиликтүү колдонулуп келе жатат [3, 63-65-бб.]. Бул китепте сүйлөм ичинде ээ менен баяндоочтон башка да сөздөр болорун белгилеп, аларды “айкындоочтор” деп атаган. Алар баш мүчөлөрдү айкындап, аларга тактык, ачыктык киргизет деп аныктама берген. Бирок айкындоочтор аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп бөлүнгөн эмес. Айкындооч мүчөлөр зат атооч

менен байланышта айтылса да, этиш менен байланышып айтылса да, “айкындоочтор” деген бир гана термин менен аталган. Мисалы: Менин китебим – жаңы китеп. Асан иштейт. Асан китепти бүтүрдү [10, 3-17-б.].

Айкындоочторду баш мүчөлөр менен байланыштуу өзгөчөлүгүнө карай тике айкындооч жана кыйыр айкындооч деп бөлүштүрөт. Маани жактан баш мүчө менен тике тутумдашкан айкындоочту тике айкындооч деп, баш мүчөгө тике айкындооч аркылуу тутумдашканды кыйыр айкындооч деп атайт. Мисалы, Нарындагы колхоздун малы семирди деген сүйлөмдөгү “колхоздун” – тике айкындооч. “Нарындагы” – кыйыр айкындооч деп эсептейт [10, 14-15-бб.]. Биздин пикирибизде, бул сүйлөмдө «Нарындагы» сөзү «колхоздун» деген аныктоочко түздөн-түз байланышып, аны аныктап тургандыктан, аны кыйыр эмес, тике аныктоочу катары кароого негиз бар.

1937-жылы К. Тыныстанов камакка алынгандан кийин синтаксис боюнча окуу китеби 1939-жылдан 1948-жылга чейин Т. Актанов жана К. Бакеев тарабынан даярдалып, жарык көргөн. 1940-жылдан тартып авторлордун катарына Н. Макешов да кошулган [8, 15-б.].

1939-жылы жарыкка чыккан Т.Актанов, К.Бакеевдин “Кыргыз тилинин синтаксиси” (орто мектептер үчүн). Ф., “Кыргызмамбас”, 1939-жылы” деген окуу китебинде К.Тыныстановдун синтаксисинде берилген “айкындоочтор” деген терминдин ордуна “жандама мүчөлөр” деген терминди колдонушат. Сүйлөмдө ээ менен баяндоочтон башка мүчөлөр болот, аларды жандама мүчө дейбиз. Жандама мүчөлөр ээни, же баяндоочту, же толуктоочту аныкташат. Алар аткарган милдетине карай аныктооч, толуктооч болуп бөлүнөт деп, сүйлөмдүн айкындооч мүчөсүн (жандама мүчөнү) эки түргө бөлүп карашкан. Бышыктоочтор айкындоочтун өзүнчө түрү катары ажыратылган эмес. Аныктооч сүйлөмдө аныкталгыч сөздү аныктап, анын сын-сыпатын, тулкусун билгизип, кандай? канча? нече? кимдин? эмненин? канчанчы? неченчи? деген суроолорго жооп берет деп аныктама берген. Бирок этиш менен байланышкан сөздү да (бышыктоочту) этиштик аныктооч деп карашкан. *Ал **жакшы** окуйт. Мен **эки** келдим. Сен **тезирээк** кел.* Толуктоочтор дайыма этиштик баяндоочтор менен байланышта айтылары, илик жөндөмөдөн башка жөндөмөлөрдөгү атооч сөздөрдүн баары милдетин аткарары көрсөтүлгөн. Бирок толуктоочтор аткарган милдетине карай орунду, мезгилди, себепти көрсөтүү милдетин да аткарат деп азыркы бышыктоочтун түрлөрүн да толуктоочтун тутумунда карашкан. Мисалы: Мектептерде окуу башталды. Салый бүгүн келди. Айдар жакшы окуган үчүн сыйлык алды [4, 36-38, 41-45-б.]. Кыскасы, бышыктоочтун түрлөрү аныктооч менен толуктоочтун тутумунда каралган.

Аныктоочтор тике аныктооч жана кыйыр аныктооч болуп бөлүштүрүлүп, баш мүчө менен түздөн-түз байланышкан аныктооч тике аныктооч, ал эми баш мүчөгө тике аныктооч жана толуктооч болгон сөздөр аркылуу байланышкан аныктоочтор кыйыр аныктооч катары каралган. Мисалы, Мектептеги пионерлердин жыйналышы бүгүн болот деген сүйлөмдө «пионерлердин» жана «бүгүн» сөздөрү тике аныктооч, «мектептеги» сөзү кыйыр аныктооч деп эсептелген [4, 47-б.]. Бирок, биздин көз карашыбыз боюнча, «мектептеги» сөзү «пионерлердин» деген аныктоочко түздөн-түз байланышып, аны аныктап тургандыктан, аны аныктоочтун тике аныктоочу катары кароого негиз бар.

Ал эми Т. Актанов, Н. Макешов жана К. Бакеевдин авторлугу менен 1940-жылы басылып чыккан Кыргыз тилинин синтаксиси (толук эмес орто мектептер үчүн) аттуу окуу китебинде «жандама мүчөлөр» деген терминдин ордуна кайрадан «айкындооч мүчөлөр» термини колдонулуп, айкындоочтор ээни же баяндоочту аныктай тургандыгы, же аларды толуктай тургандыгы белгиленген [7, 33-б.].

1940-жылы Т. Актановдун педагогикалык окуу жайларына арналган *Грамматика* аттуу окуу китеби жарык көргөн. Автор сүйлөмдүн тутумунда туруп, белгилүү бир суроого жооп берген сөздөрдү сүйлөм мүчөлөрү деп атаган. Сүйлөм мүчөлөрүнүн түрлөрү жөнүндө төмөнкүдөй маалымат берген: сүйлөм мүчөлөрү баш мүчөлөр жана айкындооч мүчөлөр болуп экиге бөлүнөт. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү — ээ жана баяндооч. Сүйлөмдө баш мүчөлөрдөн башка да сөздөр катышат, алар айкындооч мүчөлөр деп аталат. Айкындоочтор ээ менен баяндоочтун айланасында топтолуп, аларды аныктайт же толуктайт. Мисалы: Колхоздун эгини мыкты чыкты.

Автор айкындоочторду аныктооч жана толуктооч деп эки түргө бөлүштүрүп, бышыктоочту өзүнчө түр катары белгилебейт. Аныктоочко сүйлөмдө ээни же баяндоочту аныктап, анын бир жакка таандык экендигин, сын-сыпатын, белгисин, тулкусун, санын көрсөтүп, кандай? кайсы? кимдин? эмненин? канча? нече? деген сыяктуу суроолорго жооп берген сүйлөм мүчөсү катары аныктама берет. Мисалы: Ударник колхозчу келди. Директордун доклады болду.

Автордун пикири боюнча, аныктоочтор атооч сөздөрдү гана аныктабастан, баяндоочтук милдетти аткарган этишти да аныктап, кыймыл-аракеттин кандайча ишке ашкандыгын тактайт. Мындай аныктоочторду ал этиштик аныктооч деп атаган. Мисалы: Доклад кызык болду. Сен чамалап айттың ж.б. [5, 14–15, 18-бб.].

Аныктоочторду тике аныктооч жана кыйыр аныктооч деп да бөлүшөт. Баш мүчөлөр менен тике тутумдашкан аныктоочту тике аныктооч деп, баш мүчөлөр менен тике байланышпай, тике аныктооч же толуктооч болгон сөз аркылуу барып тутумдашкан аныктооч менен толуктоочту кыйыр аныктооч жана кыйыр толуктооч деп атайт.

Биздин мектептин окуучулары музейге барышты деген сүйлөмдө автор «мектептин» сөзүн тике аныктооч, «музейге» сөзүн тике толуктооч, «биздин» сөзүн кыйыр аныктооч деп эсептейт [5, 23-б.]. Бирок, биздин көз карашыбыз боюнча, «биздин» сөзү «мектептин» деген аныктоочко түздөн-түз байланышып, аны аныктап тургандыктан, аны кыйыр эмес, аныктоочтун тике аныктоочу катары кароого негиз бар.

Автор толуктоочту баяндооч тарабынан башкарылып, затты көрсөткөн сөз катары аныктайт. Анын милдетин илик жөндөмөдөн башка жөндөмөлөрдө турган бардык атооч сөздөр аткара турганын белгилейт. Мисалы: Көк малды тойгузду. Онду экиге бөл. Сарыдан кызыл өңдүү. Бирок автор толуктоочтор аткарган милдетине жараша орунду, мезгилди, себепти жана максатты да билдирет деп карап, аларды орун, мезгил, максат жана себеп толуктоочтор деп бөлүштүрөт. Мисалы: Мал тоого чыкты. Абыл былтыр келди. Салый китеп алууга келди [5, 19–22-бб.]. Демек, бул окуу китебинде сүйлөмдүн бышыктооч мүчөсү жана анын түрлөрү өзүнчө бөлүнүп берилбестен, аныктооч менен толуктоочтун курамында каралган.

1947-жылы Т. Актанов, Н. Макешов жана К. Бакеевдин авторлугу менен Кыргыз тилинин грамматикасы. Экинчи бөлүк. Синтаксис (жети жылдык жана орто мектептердин 6–7-класстары үчүн) аттуу окуу китеби жарык көргөн. Бул окуу китебинде да сүйлөмдүн тутумунда белгилүү бир сурооого жооп берген сөздөр сүйлөм мүчөлөрү деп аталып, сүйлөм мүчөлөрү баш мүчөлөр жана айкындооч мүчөлөр болуп экиге бөлүнгөн [6, 5-б.].

Авторлордун аныктамасы боюнча, сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү ээ менен баяндоочту жандап жүрүп, аларга ачыктык жана тактык киргизет. Мисалы: Эки бала Москвага окууга кетти деген сүйлөмдө «эки» сөзү ээнин айкындоочу, ал эми «Москвага» жана «окууга» сөздөрү баяндоочтун айкындоочтору катары көрсөтүлгөн [6, 41-б.].

Айкындоочтор аткарган милдетине жараша аныктооч жана толуктооч болуп экиге бөлүнгөн. Ал эми бышыктооч айкындооч мүчөнүн өз алдынча түрү катары бөлүнбөстөн, аныктооч менен толуктоочтун курамында каралган.

Аныктоочко сүйлөмдө ээни же баяндоочту жандап, анын сын-сыпатын, тулкусун, белгисин, санын же бир жакка таандык экендигин билдирип, кандай? кайсы? канча? нече? кимдин? эмненин? деген суроолорго жооп берген сүйлөм мүчөсү катары аныктама берилген.

Ошондой эле аныктоочтун милдетин сын атооч, сан атооч, ат атооч жана илик жөндөмөсүндөгү атооч сөздөр аткарары көрсөтүлүп, тиешелүү мисалдар келтирилген. Бирок Ал ылдам жүгүрдү. Шарше атчан келди деген сүйлөмдөрдөгү кыймыл-аракеттин белгисин билдирип турган «ылдам» жана «атчан» сөздөрү да аныктоочтук милдет аткарат деп түшүндүрүлгөн [6, 43–44-бб.].

Аталган окуу китебинде толуктоочко: «Сүйлөм ичинде баяндоочтор башкарып, орунду, мезгилди, себеп менен максатты көрсөткөн сөздөрдү толуктооч дейбиз» деген аныктама берилген. Ушундан улам толуктоочтор маанисине карай орун толуктооч, мезгил толуктооч, себеп толуктооч,

максат толуктооч болуп бөлүштүрүлгөн. Мисалы: Ашым Москвадан келди. Жазында кар жаайт. Ал окубагандыктан классында калды. Мен окуу үчүн келдим [6, 50–51, 53-бб.].

Ошентип, 1936-жылы жарык көргөн кыргыз тилинин тунгуч Синтаксисинде жана андан кийинки 1950-жылга чейин жарык көрүп турган жогоруда аталган синтаксис боюнча окуу китептеринде сүйлөм, анын баш жана айкындооч мүчөлөрү, айкындоочтун түрлөрү болгон аныктооч менен толуктоочтун негизги белгилери, ошондой эле алардын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү тууралуу кыскача маалыматтар берилип келген. Бирок айкындоочтун негизги түрлөрүнүн бири болгон бышыктооч жана анын түрлөрү өзүнчө синтаксистик категория катары каралбастан, аныктооч менен толуктоочтун курамында түшүндүрүлгөн [10, 20-б.].

1950-жылы Абдыкул Жапаровдун “Кыргыз тилинин грамматикасы. II бөлүк. Синтаксис” аттуу, жети жылдык жана орто мектептердин VI–VII класстары үчүн арналган окуу китеби басмадан чыккан. Бул окуу китеби 1961-жылга чейин он бир жолу басылып чыккан. Китепте сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү кыргыз тил илиминде биринчи жолу аткарган милдетине жараша үчкө бөлүнүп, «бышыктооч» термини менен аталып, айкындоочтун өзүнчө бир түрү катары каралган [9, 43-б.].

Т. Актанов, Н. Макешов жана К. Бакеев түзгөн мурунку окуу китептеринде «аныктоочтор атооч сөздөрдү гана эмес, баяндоочтук милдетти аткарган этиш сөздөрдү да аныктайт» деген көз караш берилип, бышыктоочтун айрым түрлөрү аныктоочтун курамында каралган.

Ал эми А. Жапаров «аныктоочтор сүйлөмдө зат атоочторду жандап жүрүп, анын сын-сыпатын, белгисин, санын же бир жакка таандык экендигин көрсөтөт» деп аныктама берген. Муну менен автор аныктоочтор зат атоочтон турган аныкталгыч менен байланышып, анын ар кандай белгисин билдирерин көрсөткөн [9, 44-б.]. Демек, ал баяндоочтук милдетти аткарган этиш сөздөрдү аныктаган сөздөрдү аныктооч катары караган эмес.

Окуу китебинде аныктоочтун милдетин сын атооч, сан атооч, ат атооч, атоочтуктар жана илик жөндөмөдөгү атооч сөздөр аткарары көрсөтүлүп, тиешелүү мисалдар келтирилген. Ошондой эле аныктоочтор аныкталгыч менен байланышуу өзгөчөлүгүнө карай тике аныктооч жана кыйыр аныктооч болуп бөлүштүрүлгөн.

Китепте толуктоочтор этиштик баяндоочко баш ийип, сүйлөм тизмегинде кыймыл-аракет багытталган заттын атын билдирери жана кимди? эмнени? эмнеде? кимде? кимден? эмнеден? канчанчы? ким жөнүндө? эмне жөнүндө? деген суроолорго жооп берери белгиленген.

Толуктоочтун милдетин барыш, жатыш, чыгыш жана табыш жөндөмөлөрүндөгү сөздөр аткарары көрсөтүлгөн. Окуу китебинде биринчи жолу бышыктоочко: «Сүйлөм ичинде баяндоочко багынып, кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, мүнөзүн, мезгилин, ордун, максатын, себебин көрсөтүп турган сөздөр бышыктооч деп аталат» деген негизинен туура аныктама берилген. Алардын милдетин тактоочтор, чакчылдар, сын атоочтор, сан атоочтор, зат атоочтор ж.б. аткара тургандыгы көрсөтүлгөн. Мисалы: Бүгүн муз тептик. Стадиондо көп окуучулар болду. Ал шашпай сүйлөдү [9, 56–58-бб.].

Автор бышыктоочту маанисине карай сын-сыпат бышыктооч, орун бышыктооч, мезгил бышыктооч, себеп бышыктооч, максат бышыктооч деп бөлүштүрүп, ар бирине кыскача мүнөздөмө берген [9, 61–68-бб.].

Жыйынтыктап айтканда, 1936-жылы жарык көргөн синтаксис боюнча биринчи окуу китебинде [10] ээ менен баяндоочту аныктап, толуктап турган сөздөр «айкындоочтор» деп аталып, бирок алардын түрлөрү так белгиленген эмес. 1939-жылы басылып чыккан окуу китебинде айкындооч мүчөлөр аныктооч жана толуктооч деген түрлөргө бөлүнүп каралган [4]. Ал эми 1950-жылы жарык көргөн Синтаксис окуу китебинен тартып бышыктооч да айкындоочтун өзүнчө түрү катары белгиленип, маанисине карай бир нече түргө бөлүштүрүлгөн [9].

Жогоруда аталган окуу китептеринде жана жогорку окуу жайларына арналган грамматикаларда окуу программаларынын талабына ылайык сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнө, ошондой эле алардын милдетин аткаруучу негизги сөз түркүмдөрүнө кыскача мүнөздөмөлөр берилип келген.

Азыркы учурда кыргыз тилиндеги аныктоочтун структуралык-семантикалык белгилерин мүмкүн болушунча кеңири жана терең иликтөө, аныктооч категориясына байланыштуу жалпы жана жеке маселелерге илимий мүнөздөмө берүү келечектин маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Абдыкалыкова А. Касым Тыныстанов жана кыргыз тил илиминин айрым маселелери: фонетика, морфология жана терминология. Монография. – Бишкек, 2003. – 160 б.
2. Абдыкалыкова А. А. К. Тыныстановдун эмгектеринде кыргыз тилинин теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2016.
3. Абдыкалыкова А. А., Мамбетова Р. Р. Кыргыз тил илиминин башаты: И. Арабаев, К. Тыныстанов, Т. Актанов. – Бишкек, 2024.
4. Актанов Т., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1935.
5. Актанов Т. Грамматика. II бөлүк. Синтаксис: педагогикалык окуу жайлары үчүн. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.
6. Актанов Т., Макешев Н., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксиси: толук эмес орто жана орто мектептер үчүн. – Оңдолуп үчүнчү басылышы. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1941. – 2-бөлүк. – 132 б.
7. Актанов Т., Макешев Н., Бакеев К. Кыргыз тилинин грамматикасы. II бөлүк. Синтаксис. – 6-басылышы. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1947. – 166 б.
8. Аттокуров А. Кыргыз тилинин синтаксиси: айкындооч мүчөлөр. – Ош, 2006.
9. Жапаров А. Кыргыз тилинин грамматикасы. II бөлүк. Синтаксис: педагогикалык окуу жайлары үчүн. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1951. – 223 б.
10. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1936.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Мурзалиева А.Ш.

УДК:165.9. (575.2) (043.3)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-42-49

Абдразакова Г. Ш.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Абдразакова Г. Ш.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Abdrazakova G.Gh.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0000-0003-4548-4515

СӨЗ МЕНЕН КОНЦЕПТТИН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ
СХОДСТВА И РАЗЛИЧИЯ МЕЖДУ СЛОВОМ И КОНЦЕПТОМ
SIMILARITIES AND DIFFERENCES BETWEEN WORD AND CONCEPT

Кыскача мүнөздөмө: Макалада сөз менен концепттин окшоштуктары жана айырмачылыктары каралат. Бул маселени аныктоодо илимий-теориялык жана методологиялык изилдөөлөргө таяныч жасалган. Сөз да, концепт да атоо касиетине ээ экендиги белгиленет. Сөз тилдик системанын иерархиялык деңгээлдеринин бир бөлүгү катары лексикологиянын жана семасиологиянын изилдөө объектиси болсо, концепт адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү жана дүйнө таанымы аркылуу уюшулган менталдык-когнитивдик түзүлүш катары мүнөздөлөт. Макалада сөздүн мааниси жалпыга түшүнүктүү жана объективдүү мүнөзгө ээ экени, ал эми концепттин мазмуну индивидуалдуу, менталдык жана